# Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар

# кеңешинин отурумунун

# № 4 ПРОТОКОЛУ

**2022-жылдын 28-декабры** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** Айтикеев Т.К.

**Мүчөлөрү:** Абдыкулов М.О.,Үсөн уулу М., Каримов К.Ж. ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. Магистранттардын илимий темаларын, бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштердин темаларын жана жетекчилерин бекитүү.
2. 2022-2023-окуу жылына кабыл алуунун жыйынтыгы, жаңы окуу жылына кесипке багыт берүүчү иш-чаралардын перспективалары.
3. Ар түрдүү маселелер

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К.Айтикеев Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин курамын тактап, анын ичинен эки окутуучу шартка байланыштуу келе албай калгандыгын айтып, ошентсе да кворум бар экендигин билдирип, Окумуштуулар кеңешин баштоону добушка койду.

Макул – 13;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Окумуштуулар кеңешин баштоо бир добуш менен жактырылды.

1. **Магистранттардын илимий темаларын, бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштердин темаларын жана жетекчилерин бекитүү**

Кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын башчысы Абдыкулов М.О. Магистранттардын илимий темаларын, бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштердин темаларын жана жетекчилерин бекитүү боюнча баяндама жасады.

Кыргыз-Кытай факультетинин бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин темалары жана жетекчилери ректордун № 4995-О/22 17.12.2022. буйругу менен бекитилген.

Темаларды бекитүүгө сунуштоодон алдын кафедрада ар бир тема анализденип актуалдуулугу аныкталып, андан кийин сунушталат. Бардык темалар кафедранын жана кафедра мүчөлөрүнүн илимий изилдөө иштери менен байланышы бар экендигин айтып өттү.

2021-жылдын 14-декабрындагы ректордун №5266-ФХД/21 буйругунун 7-пункту: «Квалификациялык иштер, магистрдик диссертациялардын темаларын региондордун проблемаларына жакындаштырып бекитүү. Ушул буйрукту эске алып магистранттардын илимий темалары, бүтүрүүчүлөрдүн квалификациялык иштеринин темалары толук түрдө талкуланып бекитилгендиги айтылды. Окумуштуулар кеңешинин курамы тарабынан бекитилген илимий, квалификациялык иштеринин темалары талкууга алынды. Мында Окумуштуулар кеңешинин курамынын бекитилген илимий, квалификациялык иштеринин темалары актуалдуулугу жогору экендигин айтышты.

Төрага Айтикеев Т.К. бекитилген илимий жана квалификациялык иштердин темаларынын жазылышына кылдатык мамиле жасап ар бир жетекчи өзүнүн студенти менен тыгыз байланышта иштешүүнү талап кылды.
Андан соң төрага баяндаманы канааттандырарлык деп табууну добушка койду.
Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Бир добуш менен айтылган баяндама канааттандырарлык деп табылды.

**2. 2022-2023-окуу жылына кабыл алуунун жыйынтыгы, жаңы окуу жылына кесипке багыт берүүчү иш-чаралардын перспективалары.**

Кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын окутуучу Акылбек уулу Эланбек 2022-2023-окуу жылына кабыл алуунун жыйынтыгы боюнча баяндама жасады. Мында 2022-2023-окуу жылында Кытай таануу багыты 23 абитуриент, Филология багыты 37 абитуриент, Информатика жана технлогия багыты 16 абитуриент, Электрондук малымат инженериясына багыты 14 абитуриент жалпы 89 абитуриент кабыл алынды, Ал эми дипломдун негизинде Кытай таануу багытына 6 абитуриент, Лингвистика багытына 8 абитуриент жалпы 14 абитуриент. 2022-2023 жылда баары болуп 98 абитуриент алынгандыгын айтып өттү.

Ошондой эле жаңы окуу жылына кесипке багыт берүүчү иш-чаралардын перспективалары туралуу карала турган болсо. Факультеттин жумуш процессин анализдөө жана студенттер арасында сурамжылоо жүргүзүүнүн негизинде жаны окуу жылга карата чечимдерди кабыл алуу. Профориентациялык жумуштуу оптималдаштыруу.

Студенттердин арасында кандай себептер менен Кыргыз - Кытай факультетине тапшууруну чечтиңиз деген суроого сурамжылоо жүргүзгөндө ата-энем, тааныштарым сунуштады дегендер 40% (пайызды) түзгөн. Муну менен биз дагыда профориентациялык жумуштуу оптималдаштыруу зарылдыгын билдирет.

Профоринтациялык жумуштуу эффективдештирүү максатында, жаңы метод жана багыттарды аныктап, 2023-2024 окуу жылына карата ар бир багытты тактап, тийиштүү келишимдерди түзүү, окуу жай тууралуу маалыматты эн көп таркаткан аудиторияны аныктоо, ошол аудитория менен биргеликте иштешүү системасын түзүү, соцтармактар аркылуу үгүттөө ишин жүргүзүүдө эффективдүүлүгү жогору телеканалдарды аныктап алар менен иштешүүнү оптималдаштыруу. Факультет тууралуу кайсы телеканалдан көп маалымат алгандыгын аныктоо, факультеттин интернет баракчаларын реформалоо, IT-программирование багытындагы студенттердин эл аралык жана мамлекеттик деңгээлдеги конкурстарга катышуусун колго алуу, жакшыртуу максатында. **“The International Collegiate Programming Contest”** конкурсуна студенттерди катыштырууга багыт берүү иштерин жүргүзүү. Факультеттин мыкты тилчилерин аныктоочу атайын рейтинг жүргүзүү зарыл экендин айты. Айтылган зарылдыктарды Окумуштуулар кеңешинин курамы толугу менен колдошту.

Андан соң Акылбек уулу Эланбек Англис тили жана IT-программалоо багытындагы студенттердин эл аралык жана мамлекеттик деңгээлдеги конкурстарга катышуусун колго алуу, жакшыртуу:

Кыргыз-Кытай факультети 2017-2022 окуу жылдарында студенттерин президенттик стипендияларга , СНГ боюнча мыкты студенттеринин катарына кирүүсүн, жана факультеттин чет элдик ЖОЖдор менен биргеликте окутуу багытында кабыл алынган келишимдерине кол коюлуусун камсыздады, жана ошондой эле университеттик деңгээлдеги иш чараларда жеңүүчү ордундарды ээледи. Жогоруда айтылган ийгиликтер

менен кошо, факультет 2023-2024 окуу жылына жаңы багытты тандоо максатында, студенттердин эл аралык конкурстарга катышуусун, эл аралык билим деңгээлди аныктоочу тест, экзамендер аркылуу факультеттин ичинде рейтинг жүргүзүү чечиминин кароого тийиштигин сунуштап ошону менен эле бирге жогоруда айтылган Профоринтациялык жумуштуу эффективдештирүү максатында, жаңы метод жана багыттарды аныктап, 2023-2024 окуу жылына карата тийиштүү келишимдерди түзүү чечимдери каралсын сунуштады.

Төрага Айтикеев Т. К. Жогорудагы айтылган жаңы окуу жылына кесипке багыт берүүчү иш-чаралардын перспективаларындагы зарылдыктар, сунуштар толук түрдө аткарылсын жана баяндаманы канааттандырарлык деп табууну добушка койду.

Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Бир добуш менен айтылган зарылдыктар, сунуштар толук түрдө аткарылсын жана баяндама канааттандырарлык деп табылды.

**3. Ар түрдүү маселелер**

1. **-** Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Айтикеев Т.К. Факультеттин усулдук кеңешинин төрайымы, "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын улук окутуучусу, Т.М. Абдыкааровага *Окутуучуларды окуу жай тарабынан болгон шарттар, талаптар канааттандырарлыгы* жөнүндө аныктоочу сурамжылоо.
   - "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын окутуучусу, Мухтарбек уулу Зияулхак Кыргыз- Кытай факултетинин *Бүтүрүүчүлөрүнө канчалык деңгелде билим ала алды, өзүнүн адистиги боюнча иштегендигин* аныктоочу сурамжылоо.
   - Факультеттин жаштар комитетинин төрайымы Нурлан кызы Айгерим Кыргыз-Кытай факультетинин *Студентинин окууга болгон талаптарын аткарылуу деңгээлин* аныктоочу сурамжылоо түзүп кийинки Окумуштуулар кеңешине алып келүү тапшырмасы берилди.
2. Төрага Айтикеев Т.К. алдыда болуучу күзгү семестринин кышкы модулдук, сессиялык график боюнча үзгүлтүккө учурабай өтүлүүсүн эскертти.

*Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып,*

**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**

**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. Бекитилген илимий жана квалификациялык иштердин темаларынын жазылышына кылдатык мамиле жасалсын жана ар бир жетекчи өзүнүн студенти менен тыгыз байланышта болуусу шарт.
2. 2022-2023-окуу жылына кабыл алуунун жыйынтыгы жөнүндө жасалган баяндама канааттандырарлык деп табылсын жана жаңы окуу жылына кесипке багыт берүүчү иш-чаралардын перспективаларына берилген сунуштар толугу менен аткарылсын.
3. "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын улук окутуучусу, Т.М. Абдыкааровага "Окутуучуларды окуу жай тарабынан болгон шарттар, талаптар канааттандырарлыгы" "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын окутуучусу, Мухтарбек уулу Зияулхак Кыргыз- Кытай факултетинин "Бүтүрүүчүлөрүнө канчалык деңгелде билим ала алды, өзүнүн адистиги боюнча иштегендиги" Факультеттин жаштар комитетинин төрайымы Нурлан кызы Айгерим Кыргыз-Кытай факультетинин Студентинин окууга болгон талаптарын аткарылуу деңгээлин аныктоочу сурамжылоо түзүп кийинки Окумуштуулар кеңешине алып

келинсин

4. Күзгү семестринин кышкы модуль, сессия график боюнча үзгүлтүккө учурабай өтүлүүсүн.

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** **Т.К. Айтикеев**

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин катчысы:** **М.М. Таштанова**